УДК: 372.851
DOI:10.58494/esai.24(9).2024.40

Ибайдуллаев Хабибулла, ОшМУ, улук окутуучу
Ахматали кызы Адина, ОшМУ, магистрант

Ибайдуллаев Хабибулла, ОшГУ, ст.преподаватель
Ахматали кызы Адина, ОшГУ, магистрант

Ibaidullaev Habibulla,
Senior Lecturer, Osh State University
Akhmataly kyzy Adina,
Master's student of Osh State University

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА МАТЕМАТИКА САБАГЫНА БАЙЛАНЫШТУУ ИЙРИМДЕРДИ УЮШТУРУУ

Аннотация. *Бул макалада башталгыч класстардагы орчундуу маселелердин бири болгон башталгыч класстарда математика сабагы боюнча сабактан тышкаркы жумуштарды уюштуруунун жолдору корсотулду. Сандардын осуу жана кемуу тартиптери корсотулгон, ар бир цифрага табышмактуу суроолор берилип, аларды эске тутун калуулары үчүн ыр саптары менен берилгендиги жакшы ыңгайлуулуктарды түзот. Сандардын калдыксыз болунуучулук каснеттери боюнча маалымыттар берилген. Болуу амалы менен аткарылган мисалдар анын тескери амалы кобойтуу менен текшерилгендиги башталгыч класс окуучулары үчүн маанилуу болот. Башталгыч класстарда кобойтүүнүн жадыбалын билүүгө көңүл бурулат, ошондуктан тогуздун жадыбалын жаттоого карата окуучулар үчүн ыңгайлуу сунуштар берилген. Бул макала педагогика багытындагы студенттер, магистрлер, ата-энелер жана башталгыч класстардын мугалимдери үчүн сунушталат.*

Түйүндүү сөздөр: *так жана жун сандар, кошуу, кемитүү, кобойтүү, болүү, жонокой жана курама сандар.*

ОРГАНИЗАЦИЯ МАТЕМАТИЧЕСКИХ КРУЖКОВ НА НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

Аннотация. *В данной статье представлены методы организации внеклассных занятий по математике в начальных классах, что является одной из актуальных проблем начального обучения. Показаны закономерности увеличения и уменьшения чисел, а также даны загадочные вопросы к каждой цифре, сопровождаемые стихотворными строками, что способствует их лучшему запоминанию. Приведены сведения о признаках делимости чисел. Примеры, выполняемые с помощью действия деления, проверяются обратным действием умножением, что является важным аспектом для учеников начальных классов. Особое внимание уделено знанию таблицы умножения, в связи с чем предложены удобные способы запоминания таблицы умножения на девять. Данная статья рекомендуется студентам педагогических направлений, магистрантам, родителям и учителям начальных классов.*

Ключевые слова: *четные и нечетные числа, сложение, вычитание, умножение, деление, простые и составные числа.*

ORGANIZATION OF CLUBS RELATED TO MATHEMATICS FOR ELEMENTARY GRADES

Annotation. *This article presents methods for organizing extracurricular activities in mathematics in elementary grades, which is one of the pressing problems of primary education. The*

patterns of increasing and decreasing numbers are shown, and cryptic questions are given for each digit, accompanied by lines of poetry, which contributes to their better memorization. Information is provided on the signs of divisibility of numbers. Examples performed using the division action are checked by the inverse action - multiplication, which is an important aspect for primary school students. Particular attention is paid to knowledge of the multiplication table, in connection with which convenient methods for memorizing the multiplication table by nine are proposed. This article is recommended for students of pedagogical directions, graduate students, parents and primary school teachers.

Key words: *Even and odd numbers, addition, subtraction, multiplication, division, prime and composite numbers.*

Киришүү

Математика предмети боюнча башталгыч класстарда сабактан тышкаркы иштер – окуудан тышкаркы убакытта окуучулардын билим, билгичтик, логикалык ой жугуртуулорун, эс тутумдарын жана көндүмдөрүн өркүндөтүү жана тереңдетүү, өз алдынчалыгын жана жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, ошондой эле алардын акыл-эстүү эс алуусун камсыздоо үчүн мектеп тарабынан уюштурулган максаттуу иш-чаралар.

Мектептердеги класстан тышкаркы математика боюнча иштер ар түрдүү формада уюштурулуп, окуучулардын кенири катмарын камтыйт.

Класстан тышкаркы иштерди уюштуруу формаларына:

-мектептеги окуучулар учун математика ийримдери.

-идеялык-массалык иштер, белгилүү математиктер жана педагогдор жөнүндө (докладдар, аңгемелер, лекциялар, окуу конференциялары, мамлекеттик, улуттук, мектеп майрамдары,жолугушуулар,кечелер).

-окуучулар менен математика предмети боюнча жекече иштөө (китеп окуу, техникалык, искусство сабактары, компьютердик сабактар) ж.б. кирет.

-мектептик, зоналык, райондук жана республикалык олимпиадаларга даярдоо жумуштары [2, 8-б.].

Булардын баары негизинен ата-энелердин катышуусу менен ишке ашса талапка ылайыктуу болот.

Математика предмети боюнча башталгыч класстарда класстан тышкаркы иштерди пландаштыруу – бул класс жетекчинин ишмердүүлүгүн педагогикалык жактан моделдөө, класстагы тарбиялык кырдаалдын бөтөнчө божомолу. Пландаштыруунун мааниси ал педагогикалык кырдаалдын өнүгүшүндөгү аныксыздыкты азайтууга гана эмес, педагогдун бүгүнкү жана эртеңки иш-аракетинин улантуучулугун камсыздоого, окуучуларды класс жамаатында математиканы окутуу жана тарбиялоо процессин тартиптештирүүгө, тарбиялык процесстин өнүгүшүн жана натыйжасын алдын ала көрө билүүгө мүмкүндүк береринде турат. План – бул иш-чаралардын алдын ала белгиленген системасы, алардын тартиби, удаалаштыгы, аткарылуу мөөнөтү болот. Жакшы ойлонулган, негизделген план математика боюнча билимин терендетүүнүн, окууга жана эмгекке тарбиялоонун максатын, стратегиялык жана тактикалык милдеттерин так түшүнүүгө, мазмунун максат багыттуу иштеп чыгууга, математикага болгон кызыгуусун уюштуруу формаларын, каражаттарын тандоого, өз ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын божомолдоого мүмкүндүк берет [1, 15-б.].

1) Математикалык кече: **“Тогуздар өлкөсүнө саякат”.** Байыркы кыргыз элибиздин салты боюнча ар кандай жолугушуулар саламдашуу менен башталат:

Ассалоому алейкум,
Кыргыз калкым аманбы?
Ушул жерде олтурган,
Баарыңыздарга айтам саламды
Аарыбаңыздар урматтуу мугалимдер!
Баарыңыздарга бекем ден-соолук,

Үй –бүлөлүк тынчтык, ишиңиздерге албан-албан
Ийгиликтерди каалайбыз.
Мынакей шаттык кубаныч,
Ай сайын бизде уланып,
Талантка талант кошулган.

Математикалык кечеге баарыбыз көңүл буралык.

Мен өз сөзүмдү Айнурага узаткым келип жатат. Достор мен да силерге суроо узаткым келип жатат.

Жылбай калат машина,
Ылдамдык менде жатканда
Оозуң менден ачылат,
Атымды менин айтканда
Ким экенмин анда мен
Кана балдар айткыла? Жообу: (0)

Туура, достор. Менин атым нөл саны. 0 (нөл) саны бул он санда,терс санда эмес. Сан огунун башталышына туура келүүчү чекитти белгилейбиз жана бүтүн сандар көптүгүнө кирет. Аркандай санга 0ду кошсок ошол сандын өзү келип чыгат. Ал эми көбөйтсөк, бөлсөк 0 саны келип чыгат.

Окуучулар табышмак түрүндө кайрылышат.

Жөө күлүктөр жарышса,
Мааралерга келишет
Эн алдыда келгенге
Мендей наамды беришет.
Айткылачы атымды
Мен билейин тезирээк? Жообу: (1)

Туура менин атым 1(бир)

Мен бул санына токтоло кетсем. Ар кандай санга 1 ди кошсок, өзүнөн кийинки сан келип чыгат, ал эми кемитсек, өзүнөн алдынкы сан келип чыгат. Бир бул так сан. Бир деген сөздүн синоними жеке жалгыз дегенди түшүндүрөт.

Билеги кучтүү бирди жыгат,
Билими кучтүү миңди жыгат.

Достор мен силерге дагы табышмак менен кайрылгым келип жатат:

Менин атымды укканда
Көп балдар абдан күйүнөт
Ал эми спортсмендер
Анча мынча сүйүнөт.
Тапкылачы атымды
Эмне деген ат экен? Жообу: (2)

-Туура достор менин атым 2 (эки).

Бул сан жөнүндө айтса кетсем. 2-жуп сан. Жөнөкөй сандардын арасында 1 гана жуп сан бар. Ал 2 саны. Каалагандай санды 2ге бөлсөк, жарымы келип чыгат, ал эми 2ге көбөйтсөк, 2 эсе чоноёт, жуп сандардын баарысы экиге бөлүнөт. 2 саны катышкан макал айтсам.

"2 тоо көрүшпөйт, 2 адам көрүшөт".

Кийинки санды табыы үчүн төмөнкү табышмакты жандыралы.

Жаңыдан бүткөн шофёрго
Классым менин берилет.
Баалар менден бөлүнүп,
Жакшы жаман делинет.
Анда мен кандай аталсам
Атымды айтып беринер? Жообу: (3)

-Туура достор, менин атым 3 (үч). Бул сан жөнүндө айта кетсем, жөнөкөй жана так сан болуп эсептелинет. Бөлүнүүчүлүк касиети: эгерде цифраларынын суммасы 3 кө бөлүнсө, анда ал сан үчкө бөлүнөт.

Кийинки табышмакка көңүл буруңуздар:

Жашап жаткан үйүндүн
Кана бурчун сана бат,
Туура тапсан эсебин
Менин атым айтылат? Жообу: (4)

-Туура достор, бул 4 (төрт) саны жуп жана курама сан. Бөлүнүүчүлүк касиетин айтсам, цифраларынын акыркы 2 цифрасынан түзүлгөн сан 4 кө бөлүнсө, анда ал санда 4 кө бөлүнөт.

Келгиле достор, мен да табышмак менен кайрылып кетейин.

Кремлде жаркырап
Жанып турган жылдызмын
Канча болот чокусу
Кана айтчы сен туруп
Кубанайын мен дагы
Өз атымды так угуп? Жообу: (5)

Туура, эми "5" (беш) санына токтолсом 5-саны так жана жөнөкөй сан. Эгер сандын акыркы цифрасы 0 жана 5 саны менен аяктаса, анда ал сан бешке калдыксыз бөлүнөт.

-Анда 5 тамгадан турган элдик баатыр ким? Жообу: (Манас)

Келгиле ойнойлу курбулар.

Бөдөнөнү куу түлкү
Басып жээр чагында
Амал менен айттырат
Мен куткарган аны да
Айтчы атымды угайын
Ачылаар оозун сенин да? Жообу: (6)

Туура таптынар достор, бул сан 6 (алты). Бул сан жөнүндө кыскача айта кетсем. 6 саны жуп жана курама сан болуп саналат.Эгерде сан 2ге да, 3кө да бөлүнсө, анда ал сан 6 га да калдыксыз бөлүнөт.

Достор, кыргыз элим эң бир жогору баалаган сан кайсы ? Бир нерсени канча жолу өлчөө керек? Бир жумада канча күн бар? Жообу: (7)

Туура 7 саны.

Эми 7 санына токтолсом.

7 саны –жөнөкөй жана так сан болуп саналат.

7 күндүк жамгырдан
Желип өткөн суу артык.

Достор, кайсы санды тең 2ге бөлсө 4 болот? Жообу: (8)

Туура, 8 (сегиз) саны. Бул санда жуп жана курама сан болуп эсептелет. Акыркы үч цифрасы нөлдөр менен бүтсө, акыркы үч цифрасы сегизге эселүү болсо, мындай сандар 8ге калдыксыз бөлүнөт.

Мен кандай сан болом?
Мен канча деген сан болом?
Бирден сегизге, экиден жетиге
Алтыдан үчкө, жетиден экиге
Үчтөн алтыга,төрттөн бешке
Сегизден бирге чоң болом,

Ойлонгулачы балдар,
Бир орундуу сан ичинен
Эң эле алпы мен болом
Бирок так сандарга катталам,
Курамы сан деп да аталам
Мен кандайча аталам? Жообу: (9).
Туура, балдар бул 9 (тогуз) саны .
Эми тогуз –эң чоң бир орундуу сан, так жана курама сан болуп саналат.
Бирден туруп баарыбыз
Атыбызды атадык
Чогуубуз менен биригип
Каалаган санды жазабыз.
Кана айтчы анда сен
Ким болобуз барыбыз?
Тогуздар өлкөсүнө саякат.
Музыкасы менен коштолот [1,27-б.].

2) **Математикалык кече**:
-Сааламдашуу
-Математикалык ырлар
-Математикалык фокустар.ребустар
-Математикалык баш катырмалар
Алымбек:
Математика илими ушул күндө
Жайылтып,туш тарапка бүт дүйнөгө
Кызыгат дүйнө эли,бүт адамзат
Математика тили менен сүйлөгөнгө
Муса:
-Илимдердин,падышасы кайсы? (математика)
-Илимдердин тазасы кайсы? (математика)
-Илимдердин кыйыны кайсы? (математика)
-Илимдердин бийиги кайсы? (математика)
София: Биздин девиз:так эсептеп,так жыйынтык чыгаруу
Математикалык учкул сөздөр:
Жумагүл:
-Математика илимдердин падышасы,ал эми арифметика ханышасы.
Абубакир:
Эгер чоң турмушка катышууну кааласаңар мүмкүнчүлүктүн барында башынарды математика менен толтургула.Анткени ал силердин бардык ишиңерде зор жардам көрсөтөт.

Алинур:
Качан математикадан пайдалана алганда гана илим өзүнүн баралына жете алат.
-Учуу бул математика
“-Математика бул акылдын гимнастикасы“ [4,29-б.].
3) Сандардын бөлүнүүчүлүк касиеттери.
Сырбек:
Достор, кайсы санды ушул сандардын баардыгына калдыксыз бөлө алабыз?
Башкача айтканда кайсы санды 0,1,2, 3, 4кө, 5ке, 6, 7, 8, 9га бөлүнөт?
-Бир жумадагы 7 күндү 7*360=2520.

0:2520=0
2520:1=2520
2520:2=1260
2520:3=840
2520:4=630
2520:5=504
2520:6=420
2520:7=360
2520:8=318
2520:9=280
2520:10=252

Достор 9дун көбөйтүнүн жадыбалын үйрөнүнүн эң ыңгайлуу жолдорун көрсөтүп берейин.

1.**Салиха.**

1*9=09 Эң алдыңкы оңдугуна 0 дөн 9 га чейин төмөн карай жазабыз.
2*9=18 бирдигине да 0 дөн 9 га чейинки сандарды жазып чыгабыз.
3*9=27 Мына ушинтип 9га көбөйтүүнүн жадыбалын жазып алабыз.
4*9=36
5*9=45
6*9=54
7*9=63
8*9=72
9*9=81
10*9=90

2. Эламан:

-Достор, ушул эле 9дун көбөйтүүнүн жадыбалын өз манжаларыбыз аркылуу үйрөнсөк да болот.Эки колубуздун манжаларын жазып, өзүбүзгө каратабыз. Канчага көбөйтүү керек болсо, солдон оңду көздөй ошончончу манжаны жумуш керек. Жумулган манжанын сол жактагы манжалары ондукту, оң жактагы манжалары бирдикти түшүндүрөт.

Мисалы: 9*4=36 (колубуз менен көрсөтөбүз, слайд)



3. София:

-Менда 9га каалагандай санды көбөйтүүнүн эң ыңгайлуу жолун айта кетсем. Анда көңүл бурабыз.

9га көбөйтө турган сандын аркасына 0 санын кошуп, ошол санды кемитип коёбуз.

М: 9*20=200-20=180
9*45=450-45=405
45*9=450-45=405
1450*9=14500-1450=13050

4.Алымбек

-Чоң рахмат, эң сонун маалыматар экен мен болсо, 5ке көбөйтүүнүн ыңгайлуу жолун айта кетейин. 5ке кайсы санды көбөйтө турган болсок, ошол сандын артына 0 жазып 2ге бөлүп коёбуз.

Мисалы: 20*5=100 404*5=2020 86*5=430
200:2=100 4040:2=2020 860:2=430

5. Альфия:

-Билимге кол сунган акылдуу досторум мен силерге эки орундуу аягы 5 саны менен аяктаган сандардын көбөйтүндүүсүн табууну айтсам.

Мисалы: 25*25 көбөйтүү үчүн 5ке 5ти көбөйтсөк, 25 болот. Алдына экиден чоң санга 2ни көбөйтүп коёбуз. 2ни 3кө көбөйтсөк, 6 болот. 25тин алдына жазып коёбуз.

25*25=625 45*45=2025 85*85=7225

-Чоң рахмат! Каалагандай 5 сан жазгыла, фокус мугалим көрсөтөт.

6. Абубакир жана Умар:

-Чоң рахмат,баарыңыздарга! Демек, турмушта математиканын орду өзгөчө экен. Биз кээде сүйлөгөндө математиканын тили менен сүйлөйбүз. Биз болсо математикалык ребустар түзүп келдик.

К3үк,	100үм
Зак10	6нбек
Си1	1ок
Плом1.	Б2ин ж.б.

Эскертүү: Жооптору мамлекеттик жана официалдык тилдерде.

-Демек, балдар биз сүйлөгөн сөзүбүз баскан кадамыбыз да математика тура.

Эми балдар ошол цифралардын жардамында мен күз мезгилин сүрөттөп көрсөтөм. Силер да цифралардын жардамында каалаган нерселерди сүрөттөсөңөр болот (ат, адам, үкү).

Муса:

-Мен да силерге маалымат айткым келип жатат.

I,II,III-булар кандай цифралар балдар? Туура рим цифралары.

Силерге 1,2,3,4,10,20, ушуларды эле колдонуп жүрөбүз ээ?

Эми калгандарын да үйрөнүп алалы.

L-50

C-100

D-500

M-1000 тамгалар менен белгиленет.

Мисалы: 408-СДVIII; 264-CCLXIV; 357-CCCLVII; 170-CLXX; 2025-MMXXV деп жазылат.

-Азаматсынар балдар,эми кезек баш катырмаларга келип жетти [2, 49-б.].

4) Логикалык суроолор:

-Кээде биз кайсы жаныбарды тебелеп кетебиз? (зебра)

-Дүйнөдө такыр алдабаган нерсе? (күзгү)

-Эмнени он кол менен кармай алабыз, бирок такыр сол кол менен кармай албайбыз? (чыканак)

-Эмне дайым чоноёт, бирок эч качан кичирейбейт? (адамдын жашы)

Билим –бул чексиз океан,

"Максат менен соккон жүрөк, бакыт менен өмүр сүрөт " демекчи дайыма алдынарга максат коюп, ага жетүүгө аракет кылгыла

Корутунду

Математика предмети боюнча башталгыч класстарда класстан тышкаркы иштерди пландаштыруу менен окуучулардын тапкычтыгын, зиректигин, логикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрө алабыз. Жогорруда белгилеп кеткендей, туура пландаштыруунун негизинде педагогикалык кырдаалдын өнүгүшүндөгү аныксыздыкты азайтууга гана эмес, мугалимдин иш-аракетинин натыйжалуулугун камсыздоого, математиканы окутуу менен окуучуларды тарбиялоо процессинде маанисин жогорулатууга мүмкүндүк береринде турат.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Айылчиев А. Класстан тышкаркы окуу учун геометрия. –Ф.:Мектеп. 2020.
2. Бекбоев И., Тимофеев А.И. Математика боюнча класстан тышкаркы иштер. –М. 2012 ж.
3. Германович Б.Ю. Математические викторины. –М. 1999
4. Мадраимов С. ж.б. Математикалык пьесалар, ырлар жана очерктер. –Ош. 2007.
5. Назаров М.Н., Алтыбаева М.А. Математика боюнча класстан тышкаркы иштер. –Ош. 2011.